## Мунай рыногу

**Мунай рыногундагы учурдагы абал**

2013-жылдын 18-мартынан 2013-жылдын 18-апрелине чейинки мезгил ичинде мунай рыногуна мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө, негизги сортторго (Urals, Brent, WTI) баа, баррелине 90,1 - 118,6 АКШ доллар диапазонунда өзгөрүп турган.

Мунайга орточо баанын өзгөрүүсү:

| *Мезгилге карата орточо эсеп менен* | **Urals** | | **Brent** | | **WTI** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **баа,** *USD / баррель* | **өзгөрүү,** *өткөн мезгилге % менен* | **баа,** *USD / баррель* | **өзгөрүү,** *өткөн мезгилге % менен* | **баа,** *USD / баррель* | **өзгөрүү,** *өткөн мезгилге % менен* |
| 18.02.2013-18.03.2013 | 109,5 | 95,0 | 112,6 | 96,6 | 92,7 | 96,2 |
| 18.03.2013-18.04.2013 | 104,1 | 95,1 | 105,8 | 93,9 | 93,2 | 100,6 |

***Источник:*** *ИА «Блумберг»*




Мунай котировкаларына орточо баалар 2013-жылдын мартынан апрелине чейинки мезгилде төмөндөтүүнү уланта берди, ушуну менен бирге апрель айында төмөндөтүүнү ылдамдыгы көбөйдү.

Мунайга дүйнөлүк баа динамикасына кароого алынып жаткан мезгилдин баш жагынан тартып төмөнкүдөй негизги жагдайлар таасирин тийгизген:

- *Мунайдын керектөөсүнүн болжомолдун төмөндөсүү.* ОПЭК, өзүнүн ар айлык баяндамасында мунайды дүйнөлүк керектөөнүн өсүшүн болжолдоону 2013-жылы суткасына 800 миң баррель өлчөмүнө төмөндөткөн. ОПЕК анын катышуучулары тарабынан өндүрүлгөн мунайга суроо-талаптын болжолдоосун суткасына 40 миң баррелге, 29,75 млн. чейин төмөндөткөн. Бул төмөндөтүү Европада жана Япониядагы күтүлбөгөн начар керектөөсү менен жана ОПЭКтин ичиндеги эмес өлкөлөрдүн болжомолдолуп жаткан керектөөнүн төмөндөсүү менен байланыштуу.

Эл аралык энергетика агенттигинин (ЭЭА) эксперттери алгылыксыз экономикалык өсүштү эске алуу менен 2013-жылы дүйнөлүк экономикада мунайды жана мунай заттарын керектөөнүн өсүшүнө өзүлөрүнүн болжолдоолорун кайрадан карап чыгышты. ЭЭА ар айлык баяндамасында өсүш болжолдоосун суткасына 25 миң баррелге 795 миңге чейин төмөндөткөн. Агенттиктин пикири боюнча орточо алганда

бир сутка ичиндеги керектөө 90,6 млн. баррелди түзөт. ОПЭКтен тышкары мунайдын өндүрүүсү март айында суткасында 140 миң баррелге, 30,4 миңге чейин төмөндөдү.

ЭЭА ОПЭКтен тышкары мунайдын өндүрүүсүнүн болжомолун суткасына 20 миң баррелден, 54,4 млн. баррелге чейин төмөндөдү.

ЭЭАнын болжомолуна карата, мунайдын дүйнөлүк суроо талабынын перспективалары “мурункудай начарлыгын көрсөтүп жатат”, Европадагы мунайга суроо талабы 340 миң баррелге, күнүнө 14,1 млн. баррелге чейин кыскартылышы кризисттин натыйжасы болуп эсептелет: үч жыл мурун Грециядан башталган Европа региондун бересе кризиси, Ирландия, Португалия, Италия, Испания жана Кипр өлкөлөрүнө жайылып жана экономиканын өсүүшүнө жана региондогу мунайдын суроо талабына кысымчылык көрсөттү.

- *АКШдагы жагдай.* Карап чыккан мезгилдин башында, АКШнын түзүк статистика маалыматынын чөйрөсүндө мунайдын баалары бир аз көбөйдү, бирок кийинкиден АКШнын мунайдын запастарынын көбөйүү жөнүндө Энергетика маалыматынын башкармалыгынын чөйрөсүндө бул статистика маалыматтар төмөндөдү. АКШдагы мунайдын жалпы запастын өсүүшүнүн себеби импорттун көлөмүнүн кыскартылышы болуп, мунайдын өлкөдөгү мунай иштетүү заводдорго тапшыруу өсүүшүн компенсация кылган.
- *Кытайдын макростатистикасы.* Кытайдагы экономикалык ишкердүүлүктүн токтотуусу мунайдын бааларынын кыскатруусуна таасир киргизди. Орусиянын аналитиктердин маалыматы боюнча, Кытай экономикасынын жагдайы дүйнөлүк экономикасынын өнүгүүнүн жана дүйнөлүк инвестицияларынын болжомолун катуу начарландырууга мүмкүн.
- *Европадагы жагдай.* Кипрдин экономикалык абалынын жагдайы, Европа Борборбук Банктын жетекчисинин айтуусу мунайдын бааларына кошумча кысымчылыкты көрсөттү. Европа Борборбук Банктын жетекчиси ички суроо талаптын төмөндөсү жана Еврозонанын жай бараткан структурдук реформалар Еврозонанын экономикасына төмөндөтүү рисктерди болгонго мүмкүн тынчсыздыкты билдирди.

***Казахстан***

Казакстан Республикасынын Мунай жана газ министрлигинин маалыматы боюнча Казакстанда региондорду жаз-талаа жумуштарга карата дизел менен камсыздоо иштер өткөрүлүп жатат. 27 мартка карата арзандатылган дизелдин февраль-март айларындагы пландалган көлөмүнөн 49,5 миң тоннасы же 50 пайызы тапшырылды. Айыл-чарба министрдин сөзү боюнча, КММдин берүүсү тездетилген баа менен берилип жатат. Дыйкандарга бул орто баа тапшырууну жана операторлордун чыгымын кошуп, 90 тенге бир литрге болуп эсептелинет да, 11-12 пайызга рыногдогу орто баалардан төмөн (102 тенге бир литрге). Жазгы талаа жумуштарга өткөн жылдагыдай эле 360,0 миң тонна берилет.

“Казинформ” маалымат агенттигинин маалыматы боюнча “Казакстан Республикасынын өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы мунай жана мунай заттарын Казакстан Республикасына берүү жагында соода-экономикалык кызматташуу жөнүндө келишимди ратификациялоо тууралу” мыйзам долбоорун жактырган.

Казахстан Республикасынын президенттин пресс-службасынын маалыматы боюнча, Казахстандын президенти CNPC компаниясынын

башчысы менен жолугуушуну өткөрдү. Жолугуушунун жүрүшүндө эмгектештигинин кеңитүүсү мунай жана газ сферасында талкуланган. Азыркы учурда мунай жана газ секторунда 10 чактай кошмо проекттер ишке ашырып жатышат, алардын жалпы баасы 5 млрд. АКШ долларды тузөт. Энергоресурстарды тапшыроо сферасында да төрт ири кошмо проекттер ишке ашырып жатышат, алардын жалпы баасы 18 млрд. АКШ доллардан ашык тузөт. Эки өлкөлөрдүн ортосундагы эмгектештигинин негизги принциптери жөнүндө келишимине кол коюсу жолугуштун жыйынтыгысы болуп эсептеленди.

Казахстан Орусиядан мунай жана дизелдин тапшырылышын кыскартууга жакын. Бул чара казахстандын мунайды сактоо жерлерди ашык жүк жөнүндө маселени божомолдо чечет. Бирок, Oilnews.kz маалыматы боюнча ошондой чаралар казахстандагы бүткүл соода сатууну тупике жана мунай рыногдун дестабилизациясына алып келгенге божомол. Ички резервдерди сатуу чаралар дефицитке, баанын спекулятивдүү өсүүсшүнө жана тапшыруучулардын переориентациясына алып келиши мүмкүн.

***Орусия***

Орусияда 2013-жылдын 15-апрелине карата абал боюнча бензинге жана дизель отунуна карата чекене баалардын 2013-жылдын 25-мартына карата бааларга салыштырганда өзгөрүүсү боюнча баалары жана маалыматтар

| | **25.03.2013** | **15.04.2013** | **Өзгөрүү, % (+/-)** |
|---|---|---|---|
| | *баасы, орус рубли* | *баасы, орус рубли* | *өткөн каттоого карста* |
| **1.Автоунаа бензини** | **29,52** | **29,51** | **0,0** |
| *анын ичинде*: | | | |
| АИ-80 маркасы | **26,86** | **26,87** | **0,0** |
| АИ-92 маркасы | **28,64** | **28,63** | **0,0** |
| АИ-95 маркасы жана андан жогору | **31,28** | **31,28** | **0,0** |
| **2.Дизел отуну** | **31,46** | **31,29** | **-0,5** |

***Булагы:*** *РФ мамлекеттик статистикасынын федералдык кызматы*

РФ Мамлекеттик статистика боюнча Федералдык кызматынын 2013-жылдын 15-апрелине карата абал боюнча маалыматтарына ылайык, бензинге орточо керектөө баалары 2013-жыл башынан бери 2,0 пайызга, ал эми дизель отунуна 1,5 пайызга көбөйгөн.

Россия Федерациясынын Өкмөтү кам мунайына жана мунайдын заттардын, Россиянын чек арасындан жана Бажы союздагы өлкөлөрдүн экспорттун бажынын ставкасын бекитилген. Бул токтомунда, биринчи апрелден баштап чыгарып сатуу кам мунайга бажынын ставкасы 1 кубометрге 401,5 АКШ доллар, түз алыны чыккан мунайга 361,4 АКШ доллар, соода мунайга 361,4 АКШ доллар, суюк мунай, май жана иштеп бүтүргөн 265 АКШ доллар түзөт.

Энергетика министрдин орун басарынын маалыматы боюнча, мунайдын дүйнөлүк баалардын төмөндөөсү Орусиядагы өндүрүү көлөмүнө таасир тийгизбейт. Евро-4 жана Евро-5 класстын акциздарда 1 июлдан көбөйтүүсү да, баалардын жогорулушуна таасир тийгизбейт. Негизги тапшыруучулар азыркы учурда план боюнча жакшыртуу иш

чараларды өткөрүп жатышат.

***Кыргызстан***

Бензинге жана дизель отунуна 2013-жылдын март айына салыштырганда апрель айындагы[1] баалар жана чекене орточо баалардын өзгөрүүсү.

| Шаарлар | АИ-95 | | АИ-92 | | ДТ | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Баасы, сом менен** | **өзгөрү-шү, % (+/-)** | **Баасы, сом менен** | **өзгөрү-шү % (+/-)** | **Баасы, сом менен** | **өзгөрү-шү % (+/-)** |
| Бишкек | 41,40 | 0,0 | 37,47 | -1,9 | 39,53 | 0,0 |
| Каракол | 41,40 | 0,0 | 37,57 | -0,8 | 39,03 | 0,0 |
| Джалал-Абад | 43,74 | -0,4 | 40,32 | -1,3 | 41,87 | 0,0 |
| Нарын | 41,40 | -0,4 | 38,27 | -0,8 | 39,73 | -0,5 |
| Баткен | - | - | 40,50 | -2,3 | 43,06 | -0,4 |
| Ош | 42,63 | -0,1 | 39,43 | -1,5 | 41,15 | -0,1 |
| Талас | 41,40 | 0,0 | 36,95 | -0,9 | 37,60 | 2,4 |
| Токмок | 41,40 | 0,0 | 36,97 | -1,3 | 38,80 | 0,0 |
| Кара-Балта | - | - | 37,48 | -1,4 | 39,60 | 0,0 |
| Республика боюнча орточо | **41,79** | **-0,1** | **38,09** | **-1,7** | **40,02** | **-0,02** |

***Булак:****Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети.*
*«–» -товардын жок болушу*

Кыргызстанда (АИ-92 жана АИ-95) бензинге орточо баа 2012-жылдын декабрь айындагы бааларга салыштырганда 1,9 сомго жана 2013-жылдын март айындагы бааларга караганда ушул эле жылдын 18-апрелине карата абал боюнча 64 тыйынга төмөндөгөн. Республика боюнча дизель отунуна баа март айындагы баага жана өткөн жылдын декабрь айындагы бааларга салыштырганда өзгөргөн эмес.

Кыргызстан Мунайтрейдерлер ассоциациясынын президенти Ж. Акенеевдин сөзү боюнча, Кыргызстанда дизелге этап менен жогоруулушу күтүлүп жатат. Ал өз сөзүндө, РФтеги айдоо чаралары башталышы менен орусиянын заводдору дизелге бааларын 1 литрге 2,3 сомго көбөйтүшөт. Кыргызстанга Россиядан КММдин 100 пайызы тапшырылат. Ички рыногдо дизел баалар 50 тыйынга өсүшөт. Бирок 20 июнуна чейин дыйкандарга баалар өзгөрүлбөйт. Жогоруулушу мунайдын баасына таасирди киргизбейт.

Вице-премьер-министрдин сөзү боюнча, Токмактагы мунай иштетүү заводу жылдын аягында тестик режиминде ишин баштайт. Синьцзянь эл аралык соода өнөр-жай компаниясынын жетекчелиги менен нормаларды жана стандарттарды сактоо жөнүндө суроолор талкууланды.

**Жараталыш газ**

***Кыргызстан***

КР Премьер-министри РФтин энергетика министрдин орун басары менен жана ААК “Газпром” төраганын орун басары менен чогуу сүйлөшүлөрдү өткөрдү. Өкмөттүн пресс-службасынын маалыматы боюнча, «Кыргызгаз» ААКсынын маалыматы боюнча “Газпром” ААКсынын “Кыргызгаз” ААКсын менчиктештирүү процесси график боюнча өтүүдө. Сүйлөшүлөр конструктивдик багыта өтүп жатышат.

[1] 2013-жылдын 18-апрелине карата абал боюнча бензинге карата орточо баалар

"Кыргызгаз" ААКсынын маалыматы боюнча «Газпром» ААКсынын «Кыргызгаз» ААКсын менчиктештирүү процесси график боюнча өтүүдө жана болжолдуу түрдө отчеттук жылдын апрель айында аяктайт. Учурда өкмөт аралык келишимдин тексти боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлүүдө.

"Кыргызгаз" ААКсынын маалыматы боюнча Кыргызстан калкы апрель айында газдын бир кубу үчүн 14,93 сом төлөшөт. Анын маалыматтары боюнча түштүк аймагындагы керектөөчүлөр үчүн отундун бир кубометри үчүн 14,91 сом тариф белгиленген. Тариф ай сайын АКШ курсунун долларына жараша өзгөрүлүп турат. Өткөн айга салыштырганда наркы 12 тыйынга өскөн.

**Электроэнергия**

***Кыргызстан***

Энергетика жана өнөр жай министрдин сөзү боюнча, 2013 жылда электроэнергиянын тарифи жогоруланбайт. Анын сөзү боюнча, Орто мөнөөтү тарифтик саясаты азыркы учурда иштеп чыгууда. 2012-жылда электроэнергиянын жоготуулар 21,0 пайызды түзүштү, эсептен 17,0 пайызга жакын техникалык жоготулар, калган 4,0 пайыз – 400 млн. сомго урдалып жаткан электроэнергия.

"Тазабек" маалымат агентинин маалыматы боюнча, Токтогул ГЭСтин 55 млн. АКШ долларга жаңыртуу проектинин ишке ашыруусу, эки жылга эсептеленип, 2014-жылдын башынан башталат. Бул маселе КР премьер-министр менен Азия Өнүгүү банкынын өкүлдөрүлөр менен өткөн жолугушуда талкуланган. Өкмөттүн пресс-службасынын маалыматы боюнча, проектин биринчи фазасында электрик жана механика жабдуулардын сатып алуу жана алмаштыруу чаралар өткөрүлөнөт. Экинчи фазасында генераторлордун жана турбиналардын ремонт иштери болжомолдо. Токтогул ГЭСтин жаңыртуу иш чараларга Азия Өнүгүү банкы 40 млн. АКШ долларды грант түрүндө жана 15 млн. АШК долларды насыя түрүндө берет.

2013-жылдын 15-апрелине карата абал боюнча Токтогул суу сактагычында суунун көлөмү 2012-жылдын тиешелүү мезгилиндеги 16,9 пайызга салыштырганда төмөндөө менен 11,2 млрд. кубометрди түзгөн.

***Баяндама:*** «24.kg» МА, «Reuters» МА, «РБК» МА, «Казахстан Сегодня» МА, «Тазабек» МА, «ЦентрАзия» МА, «КирТАГ» МА, «ИТАР-ТАСС МА, «REGNUM» МА маалыматтары боюнча даярдалган.

**График 1:** Urals 01.01.2010 – 18.04.2013




**График 2:** Brent 01.01.2010 – 18.04.2013




**График 3:** WTI 01.01.2010 – 18.04.2013




**График 4:** Urals 18.03.2013 – 18.04.2013




**График 5:** Brent 18.03.2013 – 18.04.2013




**График 6:** WTI 18.03.2013 – 18.04.2013

